**Бердалы Календеров атындагы орто мектебинин математика- технология жана табигый-илимий методикалык бирикмесинин**

**отурумунун № 1 протоколу**

" 13 " сентябрь 2022 - жыл — Чолок-Кайың айылы

Методикалык бирикменин жалпы мүчөсү: 11
Катышканы: 11
Катышпаганы: -
Себептүүсү: -

***Күн тартибинде каралуучу маселелер:***

1. 2021-22 – окуу жылынын жыйынтыгы, жаңы 2022-23 – окуу жылына карата түзүлгөн планды талкуулоо.

2. Методикалык бирикменин мүчөлөрүнүн арасында милдеттерди бөлүштүрүү, окуу кааналардын жана предметтик ийримдеринин иш пландарынын бекитилиши. Педагогикалык окуулардын, ачык сабактардын графигин бекитүү.

3.Жаңы окуу жылына карата календардык – тематикалык пландарындагы физика, математика, биология, химия жана информатика предметтери боюнча бөлүнгөн сааттардын өзгөчөлүктөрү жана окуу китебиндеги өзгөрүүлөр менен таанышуу.

**Угулду:**

**1.**Секция жетекчи Чымбаева Б:

2021-22 – окуу жылында математика – технология жана табигый – илимий усулдук бирикмесинин 10 мүчөсү эмгектенди. Бирикменин мүчөлөрү жыл ичинде окуучулардын билим сапатын жогорулатуу үчүн бир топ иштерди жүргүзүштү. Предметтик мугалимдер тарабынан көргөзмөлүү ачык сабактар өз убагында жогорку деңгээлде өтүлүп турду. Предметтик сабактар боюнча өткөрүлгөн олимпиадада райондук турда орундарга жетише албай калдык. Быйылкы окуу жылында баардык мугалимдер олимпиадада орундарга жетишүүгө аракет кылалы. Усулдук бирикмелер арасында алдыңкы иш тажрыйбаларды жайылтуу жана окуу тарбия процессинде мугалимдин чыгармачылыгын арттыруу жана жакшыртуу максатында ачык сабактар жана иш чаралар болуп өттү.
Жаңы окуу жылында бизге география мугалими Турапова Жазгүл кошулду, бирикмеде мүчөлөрдүн санын 11 мугалим болду. Окуучуларды ЖРТга, олимпиадаларга даярдоо үчүн олимпиадалык топ түзүү жана планын бекитүү жөнүндө талкууланды. Мында ар бир предметтик мугалим топ түзүп, жөндөмдүү окуучулар менен иш алып баруу сунушталды.

**2**.Мектептин окуу завучу Артыков У: Бирикменин мүчөлөрүнүн арасында төмөндөгүдөй тапшырмалар бөлүштүрүлдү: Кариева Т- математика каанасы, Султангазиева Ж-математика кружогу, Бегалиева Ч- биология каанасы жана кружогу, Болотова К- информатика каанасы жана акы төлөнүүчү кружогу, Чымбаева Б- химия каанасы жана кружогу, Шайбекова А- физика каанасы, Орособек уулу О- физика кружогу, Турапова Ж- география каанасы жана кружогу бөлүштүрүлдү. Алардын жылдык иш пландары түзүлүп, бекитилди.

**3.**Математика мугалими Касманбетова Ф: жаңы окуу жылына карата календардык- тематикалык иш пландар райондук методикалык бирикме тарабынан түзүлүп, мугалимдер арасында секциялык иште талкууланды. Ар бир предмет боюнча ар бир класска календардык-тематикалык пландар бекитилди жана программадагы жана окуу китептериндеги өзгөрүүлөр талкууланды.

***Жогорудагыларды угуп жана талкуулап методикалык бирикме токтом кылат:***

1. 2021-22 – окуу жылынын жыйынтыгы менен математика- технология жана табигый-илимий методикалык бирикменин иши канааттандырарлык деп табылсын.
2. Методикалык бирикмелердин мүчөлөрүнө жогоруда көрсөтүлгөн коомдук иштерди аткаруу милдеттендирилсин.
3. Методикалык бирикменин планында көрсөтүлгөн тапшырмалар тиешелүү мугалимдерге тапшырылсын.

Секция жетекчиси: Чымбаева Б.
Катчы: Шайбекова А.

**Бердалы Календеров атындагы орто мектебинин математика- технология жана табигый илимий методикалык бирикмеси.**
**Ачык сабактын № 4 протоколу**

" 14 " декабрь 2022 - жыл Чолок-Кайың айылы

Методикалык бирикменин жалпы мүчөсү: 11
Катышканы: 7
Катышпаганы: 3
Себептүүсү: 3 (сабакта)

***Күн тартибинде каралуучу маселелер:***

1. География мугалими **Турапова Жазгүл** 7 "а" классында география предмети боюнча "Австралия метериги" деген темада ачык сабагына катышуу жана өздүк анализин угуу.
2.Ачык сабактын жүрүшүн бирикме мүчөлөрү жана ага катышкан мугалимдер менен талкуулоо жана ачык сабактын жүрүшүнө баа берүү.

**Угулду:**

*1. 7 "а" классында ачык сабак өткөн география мугалими Турапова Жазгүлдүн өзүнүн сөзү: 7 "а" классында география предмети боюнча "Австралия материги" деген темада ачык сабак өттүм. Бүгүнкү сабакта биз австралия материгинин жайгашуусу, климаты, абалына токтолобуз, экономикалык абалына кийинки сабакта токтолобуз. Слайд түздүм. Үй тапшырма Африка материги эле суроолорго жооп бере албай калган окуучуларга кайра тапшырма бердим. Окуучуларды үч командага бөлүп, контур карта менен иштеттим. Пландаштыргандарымдын баарына жетиштим.*

***2. А)** Тарбилык иштер боюнча директордун орун басары Разакулова Кундуз: Уюштуруу болду, жагымдуу маанай түздүң. Мугалимдин сырткы көрүнүшү, сүйлөө речи, өзүн алып жүрүүсү жакшы. Мугалимдин окуучулар менен байланышы жакшы. Бүгүнкү Жазгүлдүн сабагы мага жакты, структурасы сакталды жакшы пландаштыргансың, "ысык топ" деген оюн жакты. Жаңы теманы жакшы түшүндүрдүң, мугалим техкаражаттарды колдоно билет, көрсөтмө куралдарың абдан жакшы жеткиликтүү колдоно алдың, контур картаны курап чапташты, берилген тапшырмаларды туура аткара алышты. Сабак максатына жетти. Ийгилик.*

***Б)** Биология мугалими Бегалиева Ч: Мугалимдин педстажысы 19-жыл, тажрыйбалуу чыгармачыл мугалим. Жаңы тема абдан кызыктуу экен, теманы жакшы кенен түшүндүрдүң, слайд жакшы даярдалган, сабакта көп нерселерди камтыдың жаңы тема боюнча суроолордун арасында жагымдуу маанай да тартуулап кеттиң. Окуучулар сабакка активдүү катышышты, окуучулардын билимдери жакшы класс активдүү катышты. Сабактын структурасы сакталды. Окуучулар берилген тапшырманы туура аткара алышты. Жаңы тема кызыктуу экен, илимий маалыматтар көп берилди, биз да кызыгуу менен карап отурдук. Сабак максатына жетти. Ишиңе ийгилик.*

***В)** Математика мугалими Султангазиева Жайнагүл: Мугалим тажрыйбалуу чыгармачыл, өз предметин жакшы билет, көп изденген, Окуучуларды үч топко бөлүп топ менен иштетти. Сабактын темасы кызыктуу экен, материалдарды болушунча камтыганга аракеттендиң. Сунушум: слайдды чоңойтуп койсоң жакшы болмок экен жана бир окуучу спортивный кийим кийип алыптыр ошолорго бир аз көңүл бөлүп кой. Калганынын баары жакшы болду. Окуучулардын кызыгуусу жакшы экен. География сабагына кызыккан окуучулар көп экен. Ишиңде ийгиликтер көп болсун дагы көп эмгектен. Сабак максатына жетти.*

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап методикалык бирикме токтом кылат:**

*1. Мектептин география мугалими Турапова Жазгүл 7 "а" классына "Австралия материги" деген темадагы ачык сабагын жаңы инновациялык ыкмаларды жана техникалык каражаттарды мыкты колдонуп өткөндүгү үчүн бүгүнкү сабак максатына жетти деп табылсын.*

*2. География мугалими Турапова Жазгүлдүн география сабагы "мыкты" деп белгиленсин жана мектептин мугалимдеринин арасында жайылтылсын.*

Математика- технология жана табигый илимий УБнин жетекчиси: Чымбаева Бегайым.
Катчысы: Шайбекова Асель.

## *Ачык сабактын №2 протоколу*

Куну : 28-ноябрь
Методикалык бирикменин жалпы мучосу: 16
Катышкан мугалим: 14
Катышпаганы: 2
Себептуу: 2

***Кун тартибинде каралуучу маселелер:***

1.Кыргыз тили жана адабияты мугалими Разакулова Кундуз 11-а классына өткөн ачык сабагына катышуу өздүк анализин угуу.
2.Ачык сабактын жүрүшүн бирикме мүчөлөрү жана ага катышкан мугалимдер менен талкуулоо жана ачык сабактын жүрүшүнө баа берүү.

***Угулду:***

1.11-а классына ачык сабак өткөн мугалим Разакулова Кундуз өзүнүн сөзү 11-а классына «Фразеологизмдин кептик кбрком стили» деген темада оттум.Сабакта пландагандарымдын баарын айттым.Көрсөтмө куралдарымдын баарын колдондум.Баарына жетиштим.Жаңы өздөштүрүп жаткан платформа менен окуучуларды иштеттим.

2. А)Кыргыз тили жана адабияты мугалими Эсенгулова Айнура сабакты пландаштырууга көп аракеттенгенсиз, сабагыныз негизинен жакшы болду изденгенсиз көп нерселерди камтыгансыз сабагыныз абдан жакшы,кызыктуу болду ,сизден көп нерселерди үйрөндүм өзүмө көп маалымат алдым. Жашыңыз өтүп калса дагы тех каражаттарыды, эч кимдин жардамы жок колдоно билгендигиниз жакты.

Б)Тарых мугалими Курманалиева сабагыныз жакшы болду жаны методдорду көп колдонуп сабагын кызыктуу өттү .Мугалим өз предметин жакшы билет. Сабакта темага ылайык маалыматтар көп берилди . Сабактын структурасы сакталды. Окуучулар мурунку өтүлгөн темаларды жакшы билишет, бирок окуучулар эмнегедир активдүү эмес.

В) Англис тили мугалими Касымова Жазгүл: Мугалим тажрыйбалуу чыгармачыл, өз предметин жакшы билет, сөз байлыгы кенен. Сабактын темасы кызыктуу экен, окуучулардын сабакка болгон кызыгуусу жакшы экен, берилген тапшырмаларды туура так аткарып жатышты. Окуучулардын кетирген каталарын убагында оңдоп жаттыңыз. Сабак максатына жетти. Ишинизге ийгилик.

Сексия жетекчиси : Мамышова Айзада Разакулова Кундуз сабагыңыздын темасы : Фразеологизмдин кептик көркөм стили деген тема экен Сабагыңыз жакшы болду өзгөчө бышыктоодо колдонгон тестин түрлөрүнө жасаган көрсөтмө куралыңыз жакшы экен. Жаңы теманы жеткиликтүү, кенен түшүндүрүп бердиңиз. Сабагыңызга көп нерселерди камтыгансыз, бардыгын ирети менен алып кеттиңиз. Мугалимдин үнү ,сүйлөө речи ,өзүн алып жүрүүсү абдан жакшы ,мугалимдин чеберчилиги билими күчтүү . Сабак максатына жетти. Ишиңизге ийгилик.

***Жогорудагыларды угуп жана талкуулап методикалык бирикме токтом кылат:***

1. *Мектептин кыргыз тили жана адабияты мугалими 11-а классына өткөн сабагын жаңы инновациалык ыкмаларды ,техникалык каражаттарды жана демонстрациаларды мыкты колдонуп сабак өткөндүгү үчүн бүгүнкү сабак максатына жетти деп табылсын.*
2. «Фразеологизмдин кептик көркөм стили» *деген темадагы кыргыз тили сабагы «мыкты» деп белгиленсин жана жайылтылсын.*

***Тил чеберчилиги жана социалдык УБнин жетекчиси:*** *Мамышова Айзада*

***Катчысы:*** *Кылычбек кызы Динара*

Тил чеберчилиги жана социалдык методикалык бирикмесинин
№ 2 протоколу

5-ноябрь 2021 – жыл

Методикалык бирикменин жалпы мучосу:

Катышканы:

Катышпаганы:

Себептуу:

Кун тартибинде каралуучу маселелер :

1.Усулдук бирикменин чейрек ичинде жургузулгон иштерине анализ жургузуу жана талкуулоо.

2. Окуучуларды ОРТга ,Олимпиадага даярдообоюнча иш пландарды иштеп чыгып анны завучка бекиттируу.

3.УБнин мучолорунун педагогикалык милдеттерин талкуулоо.

Угулду:

1. 1 маселе боюнча УБнин жетекчиси Турапова Жазгул

Жаны окуу жылынын башталышы мене ниш план тузулуп такталган бирикмеде жалпы 16 мугалим тартылган . Бирикменин мучолору жыл ичинде окуучулардын билим сапатын жогорулатуу учун бир топ иштерди жургузушту предметтик мугалимдер тарабынан коргозмолуу ачык сабактар отулду предметтик сабактар боюнча откорулгон олимпиадаларга катышышты .

2.Бирикме мучолорунун арасында коомдук тапшырмалар болуштурулгон,пландары бекитилген класстык журналдар уюштурулган жаш мугалимдерге журнал толтуруу боюнча тушундуруу иштери жургузулгон .Календардык тематикалык пландар тузулуп ,талкуулап бекитилген окуу план озгоруулор талкууланды .

Ар бир айдын аягында мугалим аткарган иштерине текшеруу жургузулот.

2-чи маселе боюнча педагогдордун функ-к милдеттерди тушундуруп талкууланды кыргыз тил мугалим Разакулова Кундуз ар бир мугалим сабакка оз убагында кечикпей даярдыгы менен келуусун айтып отту.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап методикалык бирикме токтом кылат:

1. УБнин 1-чейректе Тил чеберчилик жана социалдык методикалык усулдук бирикменин иши канааттандырарлык деп табылган.

2.Метод бирикмесинин мучолоруно жаны максаттардын негизинде жаны усулдарды технологияларды пайдаланып сабак отуусу оз билимин оркундотуунун устундо чыгармачылык менен иштоосу милдеттендирилсин .

3.2021-2022 –окуу жылына карата олимпиадалык топтор менен пландар бекитилсин.

Сексия жетекчиси : Турапова Жазгул

Катчысы: Дуйшонкул кызы Уулдана

Тил чеберчилиги жана социалдык методикалык бирикмесинин
№ 1 протоколу

24 сентябрь 2021 – жыл

Методикалык бирикменин жалпы мучосу:

Катышканы:

Катышпаганы:

Себептуу:

Кун тартибинде каралуучу маселелер :

1.2020-2021-окуу жылынын жыйынтыгы жаны 2021-2022-окуу жылына карата тузулгон планды талкуулоо

2.Методикалык бирикменин мучолорунун арасында милдеттерди болуштуруу ,окуу канаалардын ийримдердин иш планын тузуу

3. Жаны окуу жылына карата окуу пландардагы кыргыз тил,орус тил,чет тил,тарых,география предметтери боюнча болунгон саатардын озгочолуктору жана окуу китебиндеги озгоруулор менен таанышуу

Угулду:

1.Сек.жетекчиси Турапова Жазгул

2020-2021-окуу жылында жалпы 16 мугалим тартылган .Бирикменин мучолору жыл ичинде окуучулардын билим сапатын жогорулатуу учун бир топ иштерди жургузушту предметтик мугалимдер тарабынан коргозмолуу ачык сабактар отулду предметтик сабактар боюнча откорулгон олимпиадаларга катышышты .

2.Окуу завуч Артыков Улук бирикме мучолоруно томонкудой тапшырмаларды болуштурду Разакулова соц.педагог ,Турусбекова кабинет жетекчи Баева Салтанат тарбия завуч.Эшимова Элмира кружок жетекчиси ,Насирова Элвира 0.25 тарых кружогун,Касымова Жазгул профсоюз,Юсупова Айгул кабинет жетекчиси ж.б

3 .Кыргыз тил мугалими Разакулова Жаны окуу жылына карата окуу пландарды сексиялык иште талкууланды ар бир предмет боюнча ар бир класска календарлык-тематикалык пландар бекитилди ,озгоруулор талкууланды.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап методикалык бирикме токтом кылат:

1.Тил чеберчилик жана социалдык методикалык усулдук бирикменин иши канааттандырарлык деп табылган.

2.Метод бирикмесинин мучолоруно жогоруда корсотулгон коомдук иштерди аткаруу милдеттендирилсин .

3.Методикалык бирикменинипланында корсотулгон тапшырмалар тиешелуу мугалимдерге тапшырылсын.

Сексия жетекчиси : Турапова Жазгул

Катчысы: Дуйшонкул кызы Уулдана

***Бердалы Календеров атындагы орто мектебинин Ден – соолук маданияты методикалык бирикмеси***

***Ачык сабактын №1 протоколу***

Күнү : 12.10.2022 ж

Методикалык бирикменин жалпы мучосу: 5

Катышкан мугалим: 5

***Күн тартибинд каралуучу маселелер:***

1.Музыка мугалими Чотуров К 2 - а классына өткөн ачык сабагына катышу жана өздүк анализин угуу.

2.Ачык сабактын жүрүшүн сабакка катышкан мугалимдер менен талкуулоо жана сабакка баа берүү

***Угулду:***

1. 2 – а классына ачык сабак өткөн мугалим Чотуровдун өзүнүн сөзү: 2-а классына «Чымчыктын ыры» деген темада оттум.Сабакта пландагандарымдын баарын айттым.Көрсөтмө куралдарымдын баарын колдондум.Баарына жетиштим.

2.АЧД мугалими Борбиев Зайырбек сабакты пландаштырууга коп аракеттенгенсиз, сабагыныз негизинен жакшы болду коп нерселерди камтыгансыз сабагыныз абдан жакшы,кызыктуу болду ,сизден көп нерселерди үйрөндүм өзүмө көп маалымат алдым.

3.Көркөм өнөр жана сүрөт сабагынын мугалими Кыдыргычова Кенжебек агайдын сабагы жакшы болду жаны методдорду көп колдонуп сабагын кызыктуу өттү. Мугалим өз предметин жакшы билет. Сабакта темага ылайык маалыматтар көп берилди .Сунушум жаны теманы азыраак түшүндүрүп калдыныз .Музыка сабагы оозеки , ырдоо сабагы болгондугуна байланыштуу окуучуларды көбүрөөк ыр жаттоого үйрөтүшүнүз керек экен. Сексия жетекчиси : Итикулов Канат Кенжебек агай сабагыныз «Чымчыктын ыры» деген тема экен .Сабагыныз жакшы болду өзгөчө бышыктоодо колдонгон жаны ыкмаларыныз окуучуларга жеткиликтүү болду , балдарыныз кенже класс болсо дагы аябай активдүү, жандуу экен өздөрүнүн суроолорун , ойлорун тартынбай айтып жатышты.Жаны сабагына видео сабак колдондуңуз алда жакшы түзүлгөн.Мугалимдин үнү,сүйлөө речи ,өзүн алып жүрүүсү абдан жакшы ,мугалимдин чеберчилигин билими күчтүү . Алдыда дагы чыгармачылык ишинизге ийгиликтерди каалайбыз деп сөзүн жыйынтыктады.

***Жогорудагыларды угуп жана талкуулап методикалык бирикме токтом кылат:***

*Мектептин музыка мугалими 2-а классына өткөн музыка сабагын жаны инновациалык ыкмаларды ,техникалык каражаттарды жана демонстрациаларды мыкты колдонуп сабак өткөндүгү үчүн бүгүнку сабак максатына жетти деп табылсын.*

*«Чымчыктын ыры» деген темадагы музыка сабагы «мыкты» деп белгиленсин жана жайылтылсын.*

*Ден соолоук маданияты УБнин жетекчиси:* *Итикулов Канат.*

*Катчысы:* *Кыдыргычова Асель*

Ден – соолук маданияты методикалык бирикмесинин

№ 1 протоколу

24 сентябрь 2022 – жыл

Методикалык бирикменин жалпы мүчөсү:

Катышканы: 5

Катышпаганы:

Себептуу:

Күн тартибинде каралуучу маселелер :

1.2021-2022-окуу жылынын жыйынтыгы жаны 2022-2023-окуу жылына карата түзүлгөн планды талкуулоо

2.Методикалык бирикменин мүчөлөрунүн арасында милдеттерди бөлүштүрүү ,окуу канаалардын ийримдердин иш планын түзүү.

3. Жаны окуу жылына карата дене – тарбия, корком өнөр, сүрөт , АЧД жана музыка предметтери боюнча бөлүнгөн саатардын өзгөчөлүктөрү жана окуу китебиндеги өзгөрүүлөр менен таанышуу

Угулду:

1. Бирикме жетекчиси Итикулов Канатбек

2021-2022-окуу жылында жалпы 5 мугалим тартылган .Бирикменин мүчөлөрү жыл ичинде окуучулардын билим сапатын жогорулатуу үчүн бир топ иштерди жүргүзүштү предметтик мугалимдер тарабынан көргөзмөлүү ачык сабактар өтүлдү предметтик сабактар боюнча өткөрүлгөн олимпиадаларга катышышты .

2 .АЧД мугалими Борбиев З жаны окуу жылына карата окуу пландарды сексиялык иште талкууланды ар бир предмет боюнча ар бир класска календарлык-тематикалык пландар бекитилди ,өзгөрүүлөр талкууланды.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап методикалык бирикме токтом кылат:

1.Ден – соолук маданияты методикалык усулдук бирикменин иши канааттандырарлык деп табылган.

2.Метод бирикмесинин мүчөлөрүнө жогоруда көрсөтүлгөн коомдук иштерди аткаруу милдеттендирилсин .

3.Методикалык бирикменин иш планында көрсөтүлгөн тапшырмалар тиешелүү мугалимдерге тапшырылсын.

Бирикме жетекчиси : Итикулов Канатбек

Катчысы: Кыдыргычова Асель

Ден – соолук маданияты методикалык бирикмесинин
№ 2 протоколу

5-ноябрь 2022 – жыл

Методикалык бирикменин жалпы мүчөсү:

Катышканы: 5
Катышпаганы:
Себептүү:

Күн тартибинде каралуучу маселелер :

1.Усулдук бирикменин чейрек ичинде жүргүзүлгөн иштерине анализ жүргүзүү жана талкуулоо.

2. Окуучуларды кароо сынактарга , спартакиядаларга даярдоо боюнча иш пландарды иштеп чыгып аны завучка бекиттирүү.

3.УБнин мүчөлөрүнүн педагогикалык милдеттерин талкуулоо.

Угулду:

1. 1 маселе боюнча УБнин жетекчиси Итикулов Канатбек

Жаны окуу жылынын башталышы менен иш план түзүлүп такталган бирикмеде жалпы 5 мугалим тартылган . Бирикменин мүчөлөрү жыл ичинде окуучулардын билим сапатын жогорулатуу үчүн бир топ иштерди жүргүзүштү предметтик мугалимдер тарабынан көргөзмөлүү ачык сабактар өтүлдү предметтик сабактар боюнча өткөрүлгөн олимпиадаларга катышышты .

2.Бирикме мүчөлөрүнүн арасында коомдук тапшырмалар бөлүштүрүлгөн,пландары бекитилген класстык журналдар уюштурулган жаш мугалимдерге журнал толтуруу боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөн .Календардык тематикалык пландар түзүлүп, талкуулап бекитилген окуу план өзгөрүүлөр талкууланды .

Ар бир айдын аягында мугалим аткарган иштерине текшерүү жүргүзүлөт.

2-чи маселе боюнча педагогдордун функ-к милдеттерди түшүндүрүп талкуулланып бирикме башчысы Итикулов Канатбек ар бир мугалим сабакка өз убагында кечикпей даярдыгы менен келүүсүн айтып өттү.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап методикалык бирикме токтом кылат:

1. УБнин 1-чейректе Ден – соолук маданияты методикалык усулдук бирикменин иши канааттандырарлык деп табылган.

2.Метод бирикмесинин мүчөлөрүнө жаны максаттардын негизинде жаны усулдарды технологияларды пайдаланып сабак өтүүсү өз билимин өркүндөтүүнүн үстүндө чыгармачылык менен иштөөсү милдеттендирилсин .

Сексия жетекчиси : Итикулов Канатбек
Катчысы: Кыдыргычова Асель

**Бердалы Календеров атындагы орто мектебинин «Башталгыч класстар» усулдук бирикмесинин 2022-2023-окуу жылындагы сентябрь айынын отурумунун № 1 протоколу**

“ 2 ” сентябрь 2023 - жыл Чолок-Кайың айылы

Методикалык бирикменин жалпы мүчөсү: 18

Катышканы: 11 Катышпаганы: -7 Себептүүсү: - 5

***Күн тартибинде каралуучу маселелер:***

**1.** 2022-2023-окуу жылындагы усулдук бирикменин негизги милдеттери жана багыттарын талкуулоо жана жылдык, айлык иш пландарын 5 багытта түзүү, бекитүү;

**2.** Мугалимдер арасында милдеттерди бөлүштүрүү.

3. Уюштуруу иштери: ***А***. 2022-2023-окуу жылына карата балдарга тамак берүү иштерин ата-энелер менен уюштуруу(идиш-аяк), журналдарды шнурлап бекиттирүү; ***Б***. электрондук каттоо менен балдардын документтерин толуктоо. ***В***.балдардын китеп менен камсыз болушу, соц паспортторун толтуруу, ж.б.

**Угулду:** **1.**Секция жетекчи Ибраимова Назира: 2022-2023 – окуу жылында **«Башталгыч класстар»** усулдук бирикмесине 18 мугалим мүчө болду.

| *№* | *Ф.И.О.* | *стажы* | *классы* |
|---|---|---|---|
| **1** | **Исаева Самара** | **13** | **даярдоо** |
| **2** | **Эсенгулова Айзада** | **17** | **даярдоо** |
| **3** | **Сыдыкова Гулмира** | **33** | **1-а** |
| **4** | **Ибраимова Назира** | **27** | **1-б** |
| **5** | **Адылбек кызы Жазгул** | **7** | **1-в** |
| **6** | **Болотакунова Саадат** | **24** | **2-а** |
| **7** | **Бакасова Жылдыз** | **11** | **2-б** |
| **8** | **Майрамбек кызы Акжолтой** | **4** | **2-в** |
| **9** | **Кененсариева Курманбу** | **12** | **3-а** |
| **10** | **Урадыл кызы Айнура** | **27** | **3-б** |
| **11** | **Мааданбекова Гулумкан** | **22** | **3-в** |
| **12** | **Ашырова Назира** | **5** | **инклюзив** |
| **13** | **Сатындиева Кайыркул** | **11** | **4-б** |
| **14** | **Касмалиева Айпери** | **7** | **4-в** |
| **15** | **Ажиева Айдай** | **1** | **Мен жана дүйнө** |
| **16** | **Рыскелдиева Жайнагул** | **22** | **Декрет.** |
| **17** | **Абдраимова Чолпон** | **4** | **4-а** |
| **18** | **Кенеева Гулнара** | **35** | **Мен жана дүйнө** |

Ушул класстарга бөлунгөн сааттардагы предметтерден жана класс жетекчилик иштерибизди жыл ичинде 5 багытта алып баралы:

1- **Мугалимдин өзүн өнүктүрүүсү** ( Китеп окуу жарыштары, курс окуу, сынактарга, изилдөө иштерине катышуусу)
2- **Окуучусун өнүктүрүү үчүн** ( мектептен тышкаркы олимпиада, сынактарга даярдап, катыштыруу)
3- **Стратегияларды** колдонуп сабак өтүү;
4- **BaalooApp, SabakApp** тиркемелери менен кайтарым байланыш **куралдарын натыйжалуу колдоно билүү;**
5- **Класстан тышкаркы иш-чараларды өтүү жана интернетке коюу.**

“Окуу керемет!” долбоорунун онлайн окуусуна калбай катышалы жана кайтарым байланыштарга  чыгып туралы. Ата-энелер менен жыйналыштарды убагында уюштуралы. Уюштуруу иштерин ийгиликтүү аткаралы. ***Жалпы жылдык план талкууланат. Алымча-кошумчасы менен жылдык план түзүлөт.Сентябрь айына айлык план  түзүлүп, ар бир мугалим өзүнө былтыркы жылга анализ берет.***

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап методикалык бирикме токтом кылат:**

**1** .Методикалык бирикмелердин мүчөлөрүнө жогоруда көрсөтүлгөн 5 багыттагы иштерди аткаруу милдеттендирилсин.

2. Методикалык бирикменин планында көрсөтүлгөн тапшырмалар тиешелүү мугалимдерге тапшырылсын.

**3.** уюштуруу иштерин ийгиликтүү ишке ашыруу жүргүзүлсүн.

*“Башталгыч класстар”  секция жетекчиси:                    Ибраимова Н.*

**Бердалы Календеров атындагы орто мектебинин «Баштапгыч класстар» усулдук бирикмесинин 2022-2023-окуу жылындагы октябрь айынын отурумунун № 2 протоколу**

3- октябрь 2023 - жыл Чолок-Кайың айылы

Методикалык бирикменин жалпы мүчөсү: 18

Катышканы: 16 Катышпаганы: -2 Себептүүсү: - 2

***Күн тартибинде каралуучу маселелер:***

**1-Окуу керемет долбоорунун онлайн сабактарына катышуу жана BaalooApp тиркемесинин куралдарын иштетүүлөрүнүн, планын бекитүү**

**2- жыл ичинде өтүлө турган ачык сабактардын графигин түзүү**

**3-окуучуларды предметтик олимпиадаларга катышууга даярдык көрүү ПИЗА, ЕГРА,ЕГМАга даярдоо**

УГУЛДУ: бирикме жетекчиси Ибраимова Назира сентябрь айындагы уюштуруу иштери ийгиликтүү болуп өткөнүн жыйынтыктап, 5 багытта иш жүргүзүү боюнча бирикме мүчөлөрүнүн ойлорун укту. BaalooApp боюнча куралдар менен баалоонун пландары көрсөтүлүп, файл ачып иштөөнү сунушталды.

Жыл ичинде төмөнкүдөй ачык предметтик сабактар графиги талкууланды:

| № | Аты -жөнү | классы | Предмети | Кайсы айда өтөт |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Маданбекова Гүлүмкан | 3-в | Математика | ноябрь |
| 2 | Бакасова Жылдыз | 2-б | Математика | ноябрь |
| 3 | Кененсариева Курманбү | 3-а | Мен жана дүйнө | ноябрь |
| 4 | Ибраимова Назира | 1-б | математика | декабрь |
| 5 | Ажиева Айдай | 2-кл | Мен жана дүйнө | январь |
| 6 | Абдраимова Чолпон | 4-кл | Адабий окуу | январь |
| 7 | Адылбек кызы Жазгүл | 1-в | алиппе | Февраль |
| 8 | Урадыл кызы Айнура | 3-б | Адабий окуу | февраль |
| 9 | Сыдыкова Гүлмира | 1-а | Математика | Март |
| 10 | Рыскелдиева Жайнагүл | 4-а | математика | март |
| 11 | Сатындиева Кайыркүл | 4-б | Адабий окуу | апрель |
| 12 | Болотакунова Саадат | 2-а | Адабий окуу | апрель |
| 13 | Майрамбек кызы Акжолтой | 2-в | Адабий окуу | апрель |
| 14 | Касмалиева Айпери | | | |
| 15 | Кенеева Гулнара | | | |
| 16 | Эсенгулова Айнура | | | |
| 17 | Исаева Самара | | | |
| 18 | Ашырова Назира | | | |

Бул сабактарга протокол жазылып, эң мыкты сабактар интернетке жүктөлөт.

Окуучулардын окуу жана эсептөө көндүмдөрүн өнүктүрүү менен предметтик олимпиадаларга даярдоо максатында тесттерди 10-15 вариантка чейин түзүп, балдарга иштетүү иши талкууланды. Электрондук да, файлга тиркөө да уюштуруу каралды. **Октябрь айына план-график биргеликте түзүлдү**.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап методикалык бирикме токтом кылат:**

1 .Методикалык бирикмелердин мүчөлөрүнө жогоруда көрсөтүлгөн “Окуу керемет!” долбоорунун онлайн сабактарына катышуу жана BaalooApp тиркемесинин куралдарын иштетүүнүн, планын бекитүү менен аны так аткаруу милдеттендирилсин.

2. Методикалык бирикменин планында көрсөтүлгөн ачык сабактарды стратегиялар менен өтүү тиешелүү мугалимдерге тапшырылсын.

3. Окуучуларды предметтик олимпиадаларга катышууга даярдык көрүү ПИЗА, ЕГРА,ЕГМАга даярдоо иштерин ийгиликтүү ишке ашыруу жүргүзүлсүн.

*“Башталгыч класстар” секция жетекчиси:* *Ибраимова Н.*

**Бердалы Календеров атындагы орто мектебинин башталгыч класстарынын методикалык бирикмеси**

**Ачык сабактын № 4 протоколу**

**8- декабрь 2022-жыл** **Чолок-Кайың айылы**
**Классы: 1-б**

**Окуучунун жалпы саны: 19**

**Катышканы: 19**

**Катышкан максаты:** Метод алмашуу

**Мугалимдин аты-жөнү:** Ибраимова Назира

**Сабактын темасы:** 8 саны

**Сабактын максаты:** 8 саны боюнча түшүнүк берүү

**КУН ТАРТИБИНДЕ КАРАЛУУЧУ МАСЕЛЕЛЕР:**

1. Башталгыч класстын мугалими Ибраимова Назира 1 «б» классында математика сабагы боюнча « 8 саны» деген темада ачык сабагына катышуу жана өздүк анализин угуу.
2. Ачык сабактын жүрүшүн бирикме мүчөлөрү жана ага катышкан мугалимдер менен талкуулоо жана ачык сабактын жүрүшүнө баа берүү.

**УГУЛДУ:**

1. 1-«б» классында ачык сабак өткөн башталгыч класстын мугалими Ибраимова Назиранын өзүнүн сөзү: 1 «б» классында математика сабагы боюнча « 8 саны» деген темада ачык сабак өттүм. Бүгүнкү сабакта пландаган ишимди толугу менен аткара алдым. Окуучуларды 3 топко бөлүп алып, буга чейин өткөн сандар менен иштеттим. Слайд түздүм, кошумча көрсөтмө куралдар мене ниш алып бардым.
2. А) Окуу бөлүмүнүн башчысы Улукбек Артыков: Уюштуруу иши болду, жагымдуу маанай түзүлдү. Окууучулар менен мугалимдин ортосундагы байланыш абдан жакшы, окуучулар активдүү экен. Назира эженин сабагы эң жакшы болду. Сабак максатына жетти. Ишиңизге ийгилик!

Б) Башталгыч класстын мугалими Сыдыкова Гулмира: Уюштуруу иши болду. Сабактын максаты айтылды, балдардын сабакка болгон кызыгуусу жакшы. Мугалим сабакка чыгармачылык менен даярданган. Көрсөтмө куралдарын мыкты деңгээлде жазалган жана ошону сабакка колдоно билди. Сабак максатына жетти.

В) Тарых мугалими Мамышова Айзада: уюштуруу иши болду. Сабактын структурасы мага абдан жакты. Сабакты «түшүндүрүү жана негиздөө» стратегиясы менен өттүңүз. Сиздин стратегия менен өткөн сабагыңыз жакты. Бизге (чоң класстарга) дагы стратегия менен иштесек жакшы болмок.С) Башталгыч класстын мугалими Адылбек кызы Жазгүл: Уюштуруу иши болду. Мугалим тажрыйбалуу чыгармачыл, өз предметин мыкты билген, көп изденген эжесиз. Сиз сабак менен гана чектелбестен мектепте бирикмени жетектеп келесиз. Ар бир мугалимди бош койбостон, өздөрүнө ылайыктап, тапшырмаларды убагында бересиз, ал эле эмес ар ай сайын отурум кыласыз. Биз сизден биз үлгү гана ала алабыз.

***Жогорудагыларды угуп жана талкуулап методикалык бирикме токтом кылат:***

- ✓ Мектептин башталгыч классынын мугалими Ибраимова Назиранын « 8 саны» деген темадагы ачык сабагын жаңы инновациялык ыкмаларды жана техникалык каражаттарды мыкты колдонуп өткөндөгү үчүн бүгүнкү сабак максатына жетти деп табылсын.
- ✓ Башталгыч классынын мугалими Ибраимова Назиранын сабагы «мыкты» деп белгиленсин жана мектептин мугалимдеринин арасында жайылтылсын.

Башталгыч класстарынын методикалык биримесинин жетекчиси: Ибраимова Назира

Катчысы: Адылбек кызы Жазгүл